Силер сураганга караганда жакшыраак нерсени айтайынбы? Уйкуга жатарыңарда отуз үч жолу тасбих, отуз үч жолу тамхид, отуз төрт жолу такбир айткыла. Бул силер үчүн кызматчыга караганда жакшырак" - деди

Али (ага Аллах ыраазы болсун) минтип айтат: Аллахтын элчисине кулдар алынып келгенин угуп Фатима жаргылчак тарткандан кабарып кеткен колун көрсөтүп, арызданып кызматчы сурамакчы болуп барат. Фатима барса Пайгамбарыбыз жок болот. Анан келген максатын Айшага айтып кайра кетет. Аллахтын элчиси келгенде Айша ага Фатиманын келгенин айтат. Али айтат: Биз эми уйкуга жатканыбызда, Аллахтын элчиси келип калды. Ордубуздан турмакчы болсок, ал: "Ордуңарда жата бергиле" - деди. Анан Фатима экөөбүздүн ортобузга келип отурду. Жакын отургандыктан, тамандарынын суугу ичиме билинип турду. Анан: " Силер сураганга караганда жакшыраак нерсени айтайынбы? Уйкуга жатарыңарда отуз үч жолу тасбих, отуз үч жолу тамхид, отуз төрт жолу такбир айткыла. Бул силер үчүн кызматчыга караганда жакшырак" - деди.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыздын кызы Фатима жаргылчак тарткандан колдору кабарып кеткенин айтып, атасына арызданып келет. Ошол учурда пайгамбарыбызга туткунга түшкөн кулдар алынып келген эле. Үй иштерин аткартуу үчүн ошол туткундардан бир кызматчы сурамакчы болуп барат. Бирок пайгамбар үйдө жок болот. Айшага жолугуп, ага келген себебин айтып кайра кетет. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) келгенде, Айша ага Фатима кызматчы сурап келгенин айтат. Фатима менен Али уйкуга жаткан учурда пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) алардын үйүнө келет. Алардын ортосуна өтө жакын отургандыктан, Али анын бутунун суугу ичине өтүп жатканын сезет. Анан мындай дейт: Силер сураган кызматчыга караганда силерге пайдалуураак нерсени айтайынбы? Ооба, айтыңыз дешет алар. Ал мындай дейт: Түндө уйкуга жатканыңарда "Аллаху акбар" деп отуз төрт жолу такбир айткыла. "Субхан Аллах" деп отуз үч жолу тасбих айткыла. "Алхамду лиллаах" деп, отуз төрт жолу тахмид (мактоо) айткыла. Мына ушул зикр сөздөр силерге кызматчыга караганда жакшы.